УДК: 91

*Анарбаева Г. А., тарых илимд. канд., доцент*
*doktor-jasu@mail.ru*
*ЖАМУ, Кыргызстан*

# XIX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫНДА ТҮШТҮК КЫРГЫЗДАРДЫН ЖАЙГАШУУ АРЕАЛЫ

*Макалада XIX кылымдагы жалпы кыргыз урууларынын, анын ичинде түштүк кыргыз урууларынын жайгашуу ареалы же өзгөчөлүгү жөнүндөгү маалыматтар чагылдырылат. Кокон хандыгынын доорунда жана Орусия каратып алар алдында кыргыз урууларынын, айрыкча, түштүк кыргыз урууларынын жайгашуусу жөнүндө окумуштуулар арасында бирдей пикир жок. Негизинен, макалада ушул өксүктү тарыхый маалыматтардын негизинде тактоо аракети жасалып, талдоо жүргүзүлдү.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *кыргыз уруулары, түштүк кыргыз уруууларынын бөлүнүшү, жайгашуу ареалы, өзгөчөлүгү.*

*Анарбаева Г. А., канд. истор. наук, доцент*
*E-mail:doktor-jasu@mail.ru*
*ЖАГУ, Кыргызстан*

# АРЕАЛ РАСПОЛОЖЕНИЯ ЮЖНЫХ КЫРГЫЗОВ ВО ВТОРОЙ ПОЛОВИНЕ XIX ВЕКА

*В статье отражается краткое обозрение о расположении ареала кыргызских племен и особенностях местносторасположения южнокыргызских племен в XIX веке. У исследователей не совпадают мнения о расположении кыргызских племен, в особенности южнокыргызских племен, во времена правления Кокандского ханства и в период вхождения кыргызов в состав России. В данной статье делаются краткие выводы и уточняются указанные научные пробелы. Автором сделана попытка охарактеризовать территориальное расположение южнокыргызских племен.*

***Ключевые слова:*** *кыргызские племена, южнокыргызские племена, состав, территориальное расположение, особенности.*

*Anarbaeva G. A., candidat hictory, dosent*
*Jalal-Abad State, University department of history,*
*Kyrgyzstan*

# THE LOCATION OF THE AREA OF THE SOUTHERN KYRGYZ IN THE SECOND HALF OF THE XIX CENTURY

*About the number of South KYRGYZ tribes in the second half of XIX century.*
*The article reflects a brief review of the number of South Kyrgyz tribes of the XIX century. The researchers differ on the number and composition of the tribes of the Kyrgyz tribes. The author made an attempt to clarify this scientific gap.*
***Key words:*** *South Kyrgyz tribes. Composition and number of the tribes of the Kyrgyz tribes.*

Кокон хандыгы мезгилиндеги жана Орусия Фергана өрөөнүн каратып алганга чейинки кыргыз урууларынын саны изилдөөчүлөрдүн маалыматтарында толук эмес жана ача пикирде болуп келет. Ошондой болсо да колдо бар маалыматтар менен алардын санын тактоого аракет кылалы.

Кара кыргыздардын канча экени жөнүнде толук маалымат бере албастыгын жазуу менен, В. В. Радлов анын себебин орус өкмөтүндө бул тууралуу так статистикалык маалыматтар жок экендигине шылтаган. Андан ары окумуштуу: "Мага тааныш манаптардын айткандарына караганда, Кокон менен Кытайга баш ийген бардык кыргыз урууларын кошуп алганда 800 000 түтүндү түзөт. Демек, бул жарым миллиондон ашык калк дегенди билдирет", - деп жазган [9: 160-161]. А. И. Макшеевдин кыргыздар жөнүндөгү алгачкы маалыматында бардык кара кыргыздар 27325 түтүн, эгер ар бир үйдө орточо бештен киши деп эсептелсе, жалпысынан, кара кыргыз калкы 150000дей адамдан турат деген маалымат берет [8]. Бирок бул жерде А. И. Макшеев, негизинен, XIX кылымдын 60-жылдарында Орусиянын курамына кирген чөлкөмдөрдү гана айтып жаткандыгы даана көрүнүп турат. Н. А. Аристовдун изилдөөсүндө кыргыздын оң канатынын Адигине тобу (жору, баргы, бөрү ж. б.) 18313 түтүн, Тагай тобу (бугу, сарыбагыш, саяк, солто, черик, азык, моңолдор ж. б.) 50164 түтүн, сол канатка кирген уруулардын саны (саруу, кушчу, мундуз, базыс, чоң багыш, кара багыш ж. б.) 9029 түтүн деп берилген [2: 396, 444].

Кыргызстандын бардык чөлкөмдөрү Орусиянын курамына кирип, элдердин жана уруулардын жайгашуусу турукталган XIX кылымдын 80-жылдарында азыркы Кыргызстандын аймактарында жана коңшу чөлкөмдөрдө жашаган кыргыздардын жалпы санын болжолдуу гана айтууга мүмкүн. Анткени калк эсеби расмий алынган эмес, андай статистика али түзүлө элек болучу. Орус окумуштуулары, мисалы, Н. А. Аристов XIX к. орто ченинде Кыргызстанды жана коңшулаш аймактарды жердеген кыргыздардын саны бардыгы болуп 75439 түтүндү же 311511 кишини түзгөн деп божомолдойт [2: 532]. Анын кийинки бир

эмгегинде кыргыздын саны 354 388 кишиге жеткени айтылат [1: 443-444]. М. Венюков болсо XIX к. орто ченинде ала-тоолук жана чыгыш туркестандык кыргыздардын саны болжол менен 350 000 кишиге жеткен деп эсептөө керек деп жазат [3: 304]. Ошол эле мезгилде жалпы кыргыздын саны 500 миңден ашкан деген ойду айткан булактар да бар [5: 115]. Бул жерде орус окумуштуулары ошол кезде отурукташууга үлгүргөн ферганалык кыргыздарды, азыркы Өзбекстандын Жизак Заамин, Бакмал, Коженттен ары Оро-Төбө, Бадахшан, Гиссар, Памир, Каратегин кыргыздарын, Ташкендин атрабындагы Бука чөлкөмүнүн кыргыздарын эсепке алышкан эмес. Айрым авторлордун, мисалы, Л. Ф. Костенконун 1876-ж. жыйнаган маалыматтары боюнча, Алай өрөөнүндө 1225 түтүн муңгуш уруусу, 3145 түтүн адигине уруусу, алардан үч эсе арбын ичкилик уруусу [4: 373] же баары биригип, 80 миңден ашык адам жашаган. Самарканд облусунун Кожент уездинде ошол жылдарда 1874 түтүн (7500 киши), Жизак уездинде 5899 түтүн (30 миңге чукул киши) кыргыз тургандыгы жөнүндө маалымат сакталган [10: 45].

Окумуштуу Т. Кененсариев түштүк кыргыз урууларынын санын тактоо маселеси татаал, ошондой болсо да чыгыш таануучу А. Кундун Кокон хандыгы жөнүндөгү бир чыгармасындагы болжолдуу маалыматын колдонууга болот деп жазат [6: 242]. Орус чыгыш таануучусунун кокон чиновниктеринин оозеки берген маалыматтарына таянган эсеби боюнча, 1870-жылдары Фергана чөлкөмүндө 132000 түтүн отурукташкан жана 60000 түтүн көчмөн калк жашаган. Алар 960 миң адамды түзгөн [7: 437]. Бул сандар чарбалык жагынан алынса да, 132 миң түтүн отурукташкан калктын эсебине 1870-жылдарга чейин отурукташууга үлгүргөн кыпчактарды, кыргыздарды, шаар калкы тажиктерди, түрктөрдү жана башкаларды кошуп жиберсек, хандыкта сарт жана өзбек калкы менен көчмөн кыргыз жана кыпчак калкынын саны бирдей эле болуп калат. Демек, көчмөндөрдүн курамына 1870-жылдары бир аз гана казактарды, каракалпактарды киргизбесек, алар, негизинен, кыргыздар жана кыпчактар болушкан.

Жогорку сандарды айкалыштыруу менен төмөнкү эсепти чыгарууга болот. Алай өрөөнүндө 80 миң, Жизак менен Кожентте 50 миң кыргыз болсо, Фергинанын түштүк-батыш (Баткен облусу) менен Эки-Суу арасы (азыркы Өзбекстандын Анжиян облусунун элет чөлкөмү, азыркы Кыргызстандын Кара-Суу, Араван, Өзгөн, Кара-Кулжа, Сузак, Базар-Коргон, Ноокен райондору) аймактарында дагы 130 миң, Аксы, Ала-Бука,

Чаткал, Кетмен-Төбө өрөөндөрүндө кеминде 70-80 миң кыргыз жашаса, Кыргызстандын түштүк бөлүгүндө баары болуп 340 миң кыргыз жашаган деп божомолдоого болот. Россия жана анын чет-жакаларында официалдуу эл каттоо биринчи жолу 1897-жылы болгон. Андан кийин болжолдуу түрдө ар жылы областтык губернаторлордун отчетторунда элдердин саны берилип турган. Ошол маалыматтарга таянып, ретроспективалык ыкма менен Фергана чөлкөмүнө сереп салып көрөлү.

XIX кылымдын аягында беш уездден турган (Наманган, Анжиян, Маргалаң, Кокон жана Ош) Фергана облусунда 1 млн. 572 миң 214 адам жашап, анын ичинде 114081 тажик, 14915 кашкарлык, 201597 кыргыз, 7584 кыпчак, 11056 каракалпак, 788989 сарт, 153780 өзбек, 261234 түрк-татар элдери жашаган (маалыматтар 1904-жылы Бүткүл россиялык биринчи эл каттонун жыйынтыгына карата даярдалган «Ферганская область» деген китептен алынды). Бул жерде айта кетчу нерсе: биринчиден, 1926-жылга чейинки эл каттоонун баарында азыркы өзбек эли «сарт», «өзбек» деп эки эл катары берилет. Себеби XVI кылымдын башында Орто Азияга Арал деңизинин түндүк тарабынан Мухаммад Шейбаны (XVI кылымдагы Көк ордонун ханы чингизид Өзбек хандын тукуму) менен кошо көчүп келишкен 92 боолуу (92 урук) көчмөн өзбектер (баары 240-360 миң киши) жана жергиликтүү түрк тилинде (чагатай тили) сүйлөшкөн, сарт деп аталышчу, дыйканчылык, соода, кол өнөрчүлүк менен кесип кылган сартиййа жамааты менен жуурулушуу процесси XX кылымдын башына чейин бүтө элек эле. Экинчиден, маалыматтарда берилгендей, «түрк-татар элдери» деген графага түрктөр, татарлар, башкырлар, карайымдар, лакецтер жана башка майда калктар, ошондой эле түрк тилинде сүйлөшүп, улуту аныкталбагандар, а мүмкүн, жаңылыштык менен өзбектер да, кыргыздар да кирип кетиши мүмкүн. Сөз кылып жаткан мезгилде Анжиян жана Ош уезддеринде жашагандар төмөндөгүнү түзгөн: баары 360267 жана 161640 киши, анын ичинен тажиктер 1970 жана 107 адам, кыргыздар 123382 жана 1741, сарттар 321817 жана 571, өзбектер 6 жана 17, түрк-татарлар 662 жана 136447 адам. Кыпчактар Анжиян уездинде гана 14 киши деп берилген. Аларды кыргыздарга кошуп койсо керек, ал эми өзбектердин өтө аз санда берилиши да күмөндү туудурат. Ошондой эле Ош уездиндеги кыргыздардын санынын берилиши да туура эмес. Бирок кантсе да бул официалдуу документти коңүлгө албай коюуга мүмкүн эмес. Сабаттуулардын жана шаардыктардын саны дагы кызыктуу. XIX кылымдын аягында Фергана облусунда кыргыздардан 185 киши

орусча сабаттуу, 1116 киши мусулманча сабаттуулукка ээ болуп, алардын ичинен 4 адамдын ортодон жогорку билими болгон. Аталган цифралар сарттарда 1482, 16314 жана 2, ал эми өзбектерде 96, 3766 жана 2 деген сандарды түзгөн. Областтын шаарларында баары 267 кыргыз жашаган, анын ичинде 108 киши Маргаланда, 37 — Анжиянда, 74 — Кокондо, 48 — Наманганда турган. Кыпчактардан шаарда тургандар деген графага бир гана кишинин Анжиянда жашагандыгы берилген. Эмне үчүндүр Ош шаарында 8 гана сарт жана 5 өзбек жашаган деген маалымат бар. Ошол эле учурда Ошто 32432 түрк-татарлар тургандыгы айтылат. 1907-жылы даярдалган Фергана облустук статистика комитетинин маалыматтарында шаарда жашаган кыргыздардын жалпы саны 584 кишини түзүп, анын ичинде Скобелев шаарында 62, Анжиянда 222, Кокондо 15, Наманганда 7 жана Ошто 271 кыргыз жашаган. 1908-жылы берилген Фергана облусунун губернаторунун отчетунда көрсөтүлгөн айрым цифраларга да токтоло кетүү зарыл. Мисалы, кыргыздар басымдуулук кылган болуштуктарга төмөнкүлөр кирген. Анжиян уездинде: Базар-Коргон - 97 %, Наукент - 94 %, Көк-Арт - 65 %, Өзгөн - 75 % (ал мезгилде Өзгөн кичинекей эле кыштак болчу. Ал шаар деген статусту совет доорунда кабыл алып, 1990-жылы гана областтык шаар деген деңгээлге жетти), Чаңгет - 97 %, Яссы - 87 %, Каракол, Сарысуу - 100 %, Кеңкол-Карагыр - 100 %, Майлы-Сай - 100 %, Жалал-Кудук - 50 %, Коргон-Төбө - 85 %; Кокон уездинде: Исфара - 100 %, Лейлек - 99 %, Нойгут-Кыпчак - 100 %; Маргалан уездинде: Ичкилик - 99,5 %, Жоокесек, Бостон - 98,5 %; Наманган уездинде: Арым - 95 %, Багыш - 93 %, Баястан - 52 %, Кырк-Уул -100 %, Саруу - 100 %, Суусамыр - 100 %, Кутлук-Сейит - 100 %, Чаткал - 100 %; Ош уездинде: Алай - 100 %, Гүлчө - 100 %, Капчыгай - 100 %, Куршаб -88 %, Ак-Буура - 97 %, Кашкар-Кыштак - 84,5 %, Ноокат -73 %, Турук - 99 % кыргыздар жашаган. Мындан тышкары, Самарканд облусунун Кожент уездиндеги болуштуктар: Иджар - 100 %, Чапкылык - 80 %, Исфана - 100 %, Бөксө-Сибирги - 100 %; Жызак уездиндеги болуштуктар: Кара-Таш - 100 %, Ата-Коргон - 100 %, Кызыл-Кум - 100 %, Мистелүү-Тоо - 100 %, Көк-Дөбө - 100 %. Ошондой эле жогоруда аталбаган көптөгөн болуштуктардын тургундарынын 20-40 %ке чейинкисин кыргыздар түзүшкөн. Мисалы: Жалал-Абад - 45 %, Кокон-Кыштак - 20 %, Нарын - 40 %, Хакул-Абад - 25 %, Кара-Суу - 32 %, Араван - 36 %, Мархамат - 20 %, Кули - 25 %, Нанай - 36 %, Кызыл-Коргон - 25 %, Ашт - 24 %, Чадак - 25 %, Булак-Башы - 21 %, Мөнөк - 40 % жана башка. Аталган болуштуктардын болжолдуу жарымы

совет доорунда Кыргызстанга кирди, ал эми калганы географиялык шарттарга байланыштуу Өзбекстан жана Тажикстанда калышкан.

**Адабияттар:**

1. Аристов Н. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности. // Живая старина. Отделение этнографии, вып. 3-4, год 6-й, отдел I. - СПб., 1896.

2. Аристов Н. Роды и кости кара-киргизов. //Живая старина. Вып. III и IV, год изд. четвертый. - СПб, 1894.

3. Венюков М. Опыт военного обозрения русских границ в Азии. -СПб., 1873.

4. Военный сборник (журнал). - СПБ., 1877. - №4.

5. Записки русского географического общества. 861 год. Кн. 3 - СПб., 1861.

6. Кененсариев Т. Фергана өрөөнүнүн этностук тарыхына айрым тактоолор.// Проблемы полиэтнического общества в Центральной Азии: Вызовы и возможные решения.// Материалы межд. конф., посвящ. 75-летию первой кыргызской женщины-ученого этнографа К. Мамбеталиевой. - Б., 2013. - 238-250-бб.

7. Кун А. Некоторые сведения о Ферганской долине. //ВС. -1876. -№ 4.

8. Макшеев А. И. Географические, этнографические и статистические материалы о Туркестанском крае. // Записки Русского географического общества по отделению статистики. Т. II. - 1871.

9. Радлов В. В. Сибирден 1862-жылдагы саякаттын күндөлүгүнөн. //Кыргыздар. III том. Кыргыздар соңку доорлордун тарыхында. - Бишкек, 2011.

10. Сборник материалов для статистики Самаркандской области за 1887 и 1888 гг. - Самарканд, 1890.